**УДК: 378.126 (575.2)**
**4DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/1-354-363**

**Сапарбаева У.Ч.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
uulai_s@mail.ru
**Акжолтоева Р.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rakjoltoeva1953@mail.ru
**Эргешалиева Б.Н.**
студент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
ergeshalievab@gmail.com

# СТУДЕНТТИК ГРУППАНЫН КУРАТОРУНУН ЖОЖДУН ТАРБИЯ ИШТЕРИНДЕГИ РОЛУ

**Аннотация.** Бул макалада И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин студенттик группасына кураторлук кылуудагы өздүк тажрыйбалар, студенттер менен ар түрдүү багыттагы тыгыз байланыштар жана куратор аткарган кызматтын түрлөрү, анын практикадагы эффективдүүлүгү чагылдырылган. Замандын талабына ылайык жогорку окуу жайларында куратордун иштериндеги инновациялык иш-аракеттерди жаңы көз караштa алып баруу, куратордун функциясынын түрлөрү, анын укуктары жана милдеттери, аткарган иштери боюнча жазылган отчеттор берилген. Ошондой эле студенттердин акыл-ой жүгүртүүсү, түшүнүгү, өзүн алып жүрүүсү, окуудагы жетишкендиктери жана коомдогу жүрүм-турум, этикеттер боюнча алынган анкеталардын мисалдары көрсөтүлгөн. Студенттердин кесиптик компетенттүүлүктөрүн, жогорку окуу жайдын көп функционалдуу тарбиялоо чөйрөсүндө тарбия жана билим берүү системасынын компоненттеринин өз ара карым-катнашын жакшыртуу маселелери каралган.

**Негизги сөздөр:** куратор, кесиптик компетенттүүлүк, тарбия, билим, мотивация, билгичтик, көндүм, ата-эне, этика, жүрүм-турум, коом.

**Сапарбаева У.Ч.**
кандидат педагогических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
uulai_s@mail.ru
**Акжолтоева Р.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

rakjoltoeva1953@mail.ru

**Эргешалиева Б.Н.**
студент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
ergeshalievab@gmail.com

## РОЛЬ КУРАТОРА СТУДЕНЧЕСКОЙ ГРУППЫ В ВОСПИТАТЕЛЬНОЙ РАБОТЕ ВУЗА

**Аннотация.** В этой статье отражены личный опыт кураторства студенческой группы Кыргызского государственного университета имени И. Арабаева, тесные контакты со студентами по различным направлениям и виды услуг, выполняемых куратором, его эффективность на практике. Даны письменные отчеты в соответствии с требованиями времени, о видах функций куратора, его правах и обязанностях, о работе куратора выполненной по-новому инновационному технологию в высших учебных заведениях. В нем также показаны примеры анкет, взятых у студентов по вопросам мышления, понимания, поведения, успеваемости и поведения в обществе, а также по этикету. Рассмотрены вопросы улучшения профессиональных компетенций студентов, взаимодействия компонентов системы воспитания и образования в сфере многофункционального воспитания вуза.

**Ключевые слова:** куратор, профессиональная компетентность, воспитание, образование, мотивация, умение, навык, родители, этика, поведение, общество.

**Saparbaeva U.Ch.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
uulai_s@mail.ru
**Akzholtoeva R.**
Senior Lecturer
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
rakjoltoeva1953@mail.ru
**Ergeshalieva Begayim Nurbekovna**
Student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
ergeshalievab@gmail.com

## ROLE OF THE STUDENT GROUP CURATOR IN THE EDUCATIONAL WORK OF THE UNIVERSITY

**Annotation.** This article reflects the personal experience of the curatorship of the student group of the I. Arabaev Kyrgyz State University, close contacts with students in various fields and

types of services performed by the curator, his effectiveness in practice. Written reports are given in accordance with the requirements of the time, on the types of functions of the curator, his rights and duties, on the work of the curator performed in a new innovative technology in higher educational institutions. It also shows examples of questionnaires taken from students on issues of thinking, understanding, behavior, academic performance and behavior in society, as well as etiquette. The issues of improving the professional competencies of students, the interaction of the components of the education system and education in the field of multifunctional education of the university are considered.

**Keywords:** curator, professional competence, upbringing, education, motivation, skill, skill, parents, ethics, behavior, society.

Жогорку окуу жайында окуган студенттерди тарбиялоо ишинде группанын куратору чоң ролду ойнойт. Куратордун иш-аракети университеттин, анын ичинде институттун (факультеттин) жана кафедранын окуу-тарбиялык процессинин бир бөлүгү болуп саналат да, окутуучунун жекече иш планына киргизилет жана кафедранын негизги тапшырмасы катары каралат. Студенттик группанын куратору өзүнүн окуу жыл ичинде аткаруучу иштерин окуу жылынын планы менен дал келтирип түзөт жана институттун дирекциясы менен макулдашылат, кафедра башчысы аркылуу бекитилет.

Куратордун иштеринин аткарылышына окуу жайдын жана институттун тарбия иштери боюнча жооптуу координаторлору, директордун орун басары, проректор аркылуу көзөмөлгө алынып турат, ошондой эле керек болгон учурда кураторлорго методикалык жардам көрсөтүшөт.

Кураторлукка крсөтүлгөн окутуучу социалдык жана кесиптик компетенттүүлүктөргө жана жогорку нравалык маданиятка ээ, тарбиялык иштерге инсандык даярдыгы бар, жоопкерчиликтүү жана коммуникабелдүү болушу талапка ылайыктуу.

Куратордун ишинин негизги багыттары жана милдеттери:

Студенттердин инсан катары өзүн-өзү өнүктүрүү жана калыптандыруу үчүн шарт түзүү, аны коомдо ийгиликтүү ишке ашырууга жана социалдык-психологиялык адаптацияларга биргелешип аракет кылуу, инсандык жана кесиптик жактан калыптанышына өбөлгө түзүү [2].

*Куратордун иш-аракеттери:*

- Студентти инсан катары ар тараптан изилдөө: ар бир студенттин мүнөзүн, шыгын, жөндөмүн,
- жашоодогу тажрыйбасын, билим ченемин, жашоого көз карашын, турмуштук жана материалдык жашоо шартын;
- Группанын студенттеринин инсандык жана кесиптик калыптануу процессин башкаруу;
- Жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен группанын коллективинин ишин уюштуруу жана калыптандыруу;
- Контингентти сактап калуу боюнча иштер;
- Группада окууга жана чыгармачылыкты ойготууга түрткү болгон жагымдуу микроклиматты түзүү;
- Студенттерге ден-соолуктун баалуулугун билдирүү жана дени сак жашоону калыптандыруу;

- Биринчи курстун студнттеринин студенттик жашоонун жаңы шарттарына адаптацияланууcу боюнча иштерди алып баруу;
- Студенттердин нравалык, эстетикалык, саясий жана укуктук маданиятын калыптандыруу;
- Патриоттук тарбияны уюштуруу;
- Группада окуу процессинин графигинин аткарылышын талдоо, артта калган студенттерди тактоо жана материалды өздөштүрүүгө жардамды уюштуруу, жетишүүнү жана сабактарга катышууну жогорулатуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгуу жана өткөрүү;

*Куратордун функционалдык милдеттери:*

- Студенттик группада иштерди пландаштырууну жүргүзүү, группанын старостасын, активдерин ж.б. түрдүү милдеттер жүктөлгөн студенттерди шайлоону уюштуруу жана алардын иштерин текшерүүгө алып туруу.
- Студенттик группада ынтымактын, достук мамиленин пайда болушуна өбөлгө түзүү.
- Студенттерди университеттин, институттун ички эрежелери менен тааныштыруу, аларды аткарууну, түзүлгөн макулдашуу боюнча мыйзамдарды сактоону жана аткарууну камсыздоо.
- Студенттерди чыгармачыл иш-чараларга, илимий жана коомдук иш-аракеттерге тартуу.
- Студенттердин укугун таануусу боюнча иштерди жүргүзүү, диний, экстремисттик кыймылдардан оолак жүрүүгө чакыруу.
- Коомго каршы аракеттерди жасоого шектүү студенттер менен жекече профилактикалык иштерди өткөрүү. Студенттин мүнөзүн иликтеп, анын жекече портретин түзүү.
- Студенттердин жатаканасына дайыма барып, алардын жашоо тиричилигине, шартына көңүл буруу, зарыл болгон учурда тиешелүү жардамдарды көрсөтүү.
- Окуу акысын төлөөгө, катышуу жана жетишүүгө системалуу түрдө көзөмөл кылуу, аттестациянын, сессиянын жыйынтыгын убагында талкуулоо, зарылчылык түзүлсө ПОК жана ата-энелерди тартуу.
- Студенттерге сабактан кийинки бош убактысын пайдалуу уюштурганга үйрөтүү.
- Студенттерди олимпиадага, конкурстарга, коомдук иш-чараларга активдүү катышууга үндөө.
- Группанын окуу иштери, муктаждыктары, суроолору жана студенттердин маанайлары жөнүндө кафедра башчысына билдирип туруу.
- Кураторлук сааттарды план боюнча калтырбай өткөрүп туруу: биринчи курс үчүн биринчи семестрде 2 жумада бир жолу, андан кийинки семестрлерде бир айда бир жолудан [1].

ЖОЖго тапшырып, окууга өтүп, мектеп окуучулары алдыда кыйынчылыктар эми башталаары жөнүндө эч шектенишпейт. Өз алдынча жаңы жашоого киришүү үчүн бир жылдай талап кылынат. Мында аларды мектептен бир топ айырмаланган көрүнүштөр күтүп алат: сабактын формасы, убактысы, окутуучулардын талаптары, негизги билимдерди китепканаларда, окуу залдарынан алуу зарылдыгы ж.б.у.с. Андан тышкары студенттер бири-бирине бейтааныш. Жогорку окуу жайына өтүү менен студенттер өзүнүн үйүн, ата-энесин алыс калтырып, жатаканага же жеке квартирага жашап калышат, бул дагы өз кезегинде түйшүк жаратат. Мына ушундай жаңы түзүлгөн шарттарда кантип өзүңдү жоготпой, жол таап кетүүгө болот?

Биринчи курстун студенттеринин жаңы чөйрөгө адаптацияланууусуна, уюштуруучулук, окуу ж.б. маселелеринде негизги көмөктөш куратор гана боло алат. Менин кураторлук жеке тажрыйбамдан эске салсам, бир студенттин күндөлүгүндө мындай деп жазганын айтып бергени эсиме түштү: *"Алгач университеттин босогосун аттаганда, тегеректегинин баары мен үчүн өтө чоочун болуп, окуумду андан ары улантып кете албачудай коркуп, окуу бөлмөлөрүн таппай, группалаштарымды таанысбай, бири-бирибиз менен кайра-кайра таанышып жүргөн баш-аламан кезде башка мугалимдерге караганда кураторум апамдан кийинки эң жакын адамымдай сезилди. Кураторубуз бизге көп нерселерди тааныштырып, үйрөттү, өз балдарындай ээрчитип жүрдү"* - Бб-13-15 группасынын студенти Жумагүл. 2015-жыл. Демек мындан биз куратордун ушул кездеги студент үчүн мааниси канчалык экенин түшүнсөк болот.

Куратор (лат.) - камкорчу, багуучу. Биздин окуу жайда кураторго анчалык деле маани берилбеген сыяктуу, мисалы, студенттердин контракт төлөмдөрүн көзөмөлдөгөнгө, кандайдыр бир иш-чарага коллективди уюштуруп берүүгө гана дайындалган сыяктуу сезилет. Чынында куратордун маани-маңызы, кызматы абдан жоопту жана түйшүктүү, айрыкча биринчи курстун куратору үчүн.

Алгачкы кураторлук сабактарда студенттер менен кеңири таанышуу жүргүзүлөт: алардын келген дареги, ата-энеси, жашаган жери жана телефондору тууралуу толук маалыматтар алынат. Сабактарга керектүү каражаттар менен камсыз болуу, аудиториялар, предметтик окутуучулардын аты-жөнү ж.б. тааныштырылат. Окуу процессинин графиги, сабактардын жүгүртмөлөрү, лекциялык материалды жетишип жазуу, семинардык, практикалык жана лабораториялык сабактарга даярданып келүү эрежелерин куратор айтып берет. Кийинки кураторлук сабактарда шаардын коомдук жайларында, көчөлөрдө, тетрларда өзүн алып жүрүү эрежелери б.а. жүрүм-турум этикеттери менен таанышышат.

Быйылкы 2023-24-окуу жылында биринчи курс биология-химия мугалими адистигинде билим алуу үчүн тапшырган студенттерден үч группа түзүлгөн: Бб-13-23, БХк-11-23 жана БХр-11-23. Бардыгы болуп, 30 студент бар болчу. Кышкы сессиядан кийин ар түрдүү себептер менен 4 студент окууну таштоого аргасыз болушту. Жогорку окуу жайдын босогосун аттаганына байланыштуу, окуудагы көйгөйлөрдү ачыктоо максатында окуу процессине болгон коз караштарын жакындан билүү, пикирин талдоо максатында ар бир группанын студенттеринен өзүнчө анкета алынды (1-табл.).

**1-таблица.**

| № | Анкетанын суроолору |
|---|---|
| 1 | Эмне үчүн И. Арабаев атындагы КМУну, ушул адистикти тандап алдыңыз? |
| 2 | Окууну өз каалооңуз менен тандадыңызбы? |
| 3 | Окууга болгон кызыгууңуз барбы? |
| 4 | Жүгүртмө боюнча болуп жаткан сабактардын баары туура коюлган деп ойлойсузбу? |

| | |
|---|---|
| 5 | Студенттик жашоонун эмнеси жакты, эмнеси жаккан жок? |

Анкетаны талдоонун натыйжасында куратор группанын ошол учурдагы абалын, кесипти туура тандоо маселесин, андан ары кандай мамиле жасоо керек экендиги жөнүндө анализ кылат жана жыйынтык чыгарат.

Ушул сыяктуу куратордук сааттарда биринчи курстун студенттери өздөрүн ар тараптан мыкты көрсөтүүгө далалат кылашат. Мисалы, биринчи семестрде студенттер спорттук мелдештерге активдүү катышып, мыкты көрсөткүчтөргө ээ болушту. Андан тышкары даталуу күндөрдө, мисалы улуу жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө арнап өткөрүлгөн шайырлар жана тапкычтар клубунда (КВН) студенттер өз өнөрлөрүн, таланттарын, ыр-бийге шыктуу экендигин көрсөтүштү. Мындай иш-чаралар атаандаштыкка, алдыга озууга шыктандырат.

Экинчи семестрде студенттердин окуу процессине карата мамилесин билүү максатында кураторлук сааттардын биринде кайрадан студенттерден анкета алдык (2-табл.).

**2-таблица.**

| № | **Анкетанын суроолору** |
|---|---|
| 1 | АВН менен иштегенди билесизби жана кыйынчылык туудурган жокпу? |
| 2 | Куратордун тарбиялык иштери жагып жатабы, кайсы темада кураторлук саат өтүүнү каалайт элеңиз? |
| 3 | Толук кандуу сабак окууга эмне тоскоолдуктар болууда? |
| 4 | Ата-энеңиз колдоо көрсөтүп жатабы? |
| 5 | Бош убакытты кандай өткөрүп жатасыз? |
| 6 | Китепкана, окуу залын пайдаланып жатасызбы? |
| 7 | Эгерде мүмкүнчүлүк берилсе эмнени өзгөртөт элеңиз? |

Жогорудагыдай суроолордун жыйынтыгы боюнча студенттердин пикирин билип, андан аркы тарбиялык иштердин тематикасына өзгөртүүлөрдү киргизе алабыз. Мисалы, бир студент өзүнүн жообунда бул адистикти туура эмес тандап алганын, окууга көңүлү болбой жатканын билдирсе, дагы бирөө мугалимдер менен тил табыша албай жатканын белгилеген. Албетте мындай учурда куратор тиешелүү жеке жолугушууларды, аңгемелешүүлөрдү өткөрөт.

Көпчүлүк жогорку окуу жайларында (колледжден тышкары) студенттерге ата-энеси менен сүйлөшүүнү ашыкча деп эсептешет. Бирок бул туура эмес. Биз өзүбүздүн тажрыйбада жогоруда белгилеп кеткендей туура сүйлөшүү жүргүзүп, ата-энелерине телефон чалып, түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн соң көйгөйлөрүбүз оңунан чечилди. Себепсиз сабактан калып, түрдүү шылтоолорду айткан студенттер да кезикпей койбойт. Студент окутуучуну

сыйлайт, ата-энесинен коркот. Ошол себептүү ата-энеге кайрылып, куратордун тарбия жаатында жардам сураганы эч качан ашыкча болбойт деп ойлойбуз.

Студенттердин 4 жылдык окуусунун убагында куратордун ролу бардык иш-чаралардын жүрүшүндө өтө маанилүү. Куратор чын дили менен студенттердин жашоосуна кам көрүп, алардын көйгөйлөрүн чечүүгө багыт берип, жардам көрсөтүш керек, бирок эч качан өктөм сүйлөп, жаман айтып, кыйкырбаш керек! Мажбурлаган дидактика, жасалма мамиле, туура эмес тандалган кураторлук сааттар, тажатма жолугушуулар, ар дайым ашыкча акыл үйрөтүү, талаш-тартыш, коркутуулар студенттерди мындай куратор менен жолугушуудан биротоло алыстатат.

Группанын жалпы кызыгуусун эске алып, кинолорго, театрларга, музейлерге чогуу барып көрүп келүүнү сөзсүз уюштуруу керек болот. Көргөндөрү жөнүндө дискуссия, талкуу жаралат. Бул студенттерди жакындатып, ынтымакка чакырат, маданияттуу болууга тарбиялайт. Биз группабыз менен Бишкек шаарында жайгашкан Токтогул атындагы адабият музейине, КР Улуттук тарых музейине, Кыргыз Улуттук Г. Айтиев атындагы көркөм-сүрөт искусство музейине, Кыргыз Улуттук драма театрына барып таанышып келгенбиз.

Кандай гана болбосун студенттердин негизги милдети окуу процесси экендигин унутпашыбыз керек жана куратордун негизги камкордугу биринчи курстарга окуганды үйрөнүүгө жардам берүү. Статистика боюнча алганда жетишүүсү начар болгондуктан биринчи курсунда окуудан четтетилген студенттердин саны көптүк кылат. Көп учурда мунун себеби, студенттердин өзүнүн окуу процессин туура уюштура албагандыгынын кесепетинен улам болот.

Куратор студент менен предметтик мугалимдердин ортосундагы көпүрө десек жаңылбайбыз. Анткени студенттин жетишүүсү начар болуп жатса, аны кошумча сабак уюштуруп берүү, кредиттик карыздарын жабуу тартибин түшүндүрүү, окутуучу менен студентти баарлаштыруу, сабакка катышпай жана жетишпей калган себептерин түшүндүрүү жана каталарын оңдоо ж.б. аракеттерди биргелешип жасоо.

Албетте студенттин өзүнүн каалоосу жана активдүү иш-аракети болбогон жерде ПОКтун аракети эффективдүү болбошу белгилүү. Бирок көпчүлүк студенттерге куратордун тикелей көңүл буруусу өз убагында окуусун жөндөп кетүүгө түздөн-түз салымын кошот. Куратор карамагындагы студенттердин үй-бүлөлүк абалы жөнүндө, алардын саламаттыгы жөнүндө кенен маалыматка ээ болгондуктан, пайда болгон көйгөйдү жоюуга жардам берет. Башкалар менен бөлүшө албаган сырлары, ички дүйнөсү менен кураторуна бөлүшкөн, сырдашкан, кеңешкен студенттер да жок эмес. Кырдаалга жараша тажрыйбалуу, көптү көргөн жана билген адам менен ой бөлүшкөндү жактырган студенттер менен куратордун жылуу мамилеси ишенич пайда кылып, окууну ийгиликтүү улантууга өбөлгө түзөт. Мына ошентип, куратордун эң башкы милдети - аткарылган болот!

Жаштардын коомдук калыптанышына көбүрөөк байланыштуу болгон жана элдик баалуулуктар ачылган кыргыздын негизги элдик адептик салттары катары – амандашуу, учурашуу, конок күтүү, аксакалдарды улуктоо, бата-алуу, алкоо ж.б. сыяктуу адептик салттар жаштардын баалуулук багыттарын калыптандырууга, алардын маданий өзгөчөлүгүн чыңдоого негиз болуп, моралдык-этикалык аң-сезимдин өнүгүшүнө олуттуу жардам бере алат. Элдик адептик салттар балдардын адеп-ахлактык принциптерин жана баалуулуктарын калыптандырууга гана жардам бербестен, маданий мурастарды сактоого жана заманбап коомдо гармониялуу инсанды өнүктүрүүгө да салым кошот. Ошентип, бүгүнкү турмуш-тиричилигибизде эң негиздүү болгон адеп тарбиясынын башаты мына ушул элдик адептик

салттарыбыздан, улуттук маданиятыбыздан башталарын ачык далилдөө мүмкүнчүлүгү бар. Демек, кыргыз элинин адептик салттарын тарбия процессинде пайдалануу – бул өсүп келе жаткан муундун адеп маанисин түшүнүүгө, өткөндүн калыптанган адептик жашоо образын, ой жүгүртүүнүн жана жүрүм-турумдун түрлөрүн жаңы муундарда калыптандыруу жана кайра жаратуу, анын негизинде пайда болгон инсандын адептүүлүк кулк-мүнөзү [5].

Азыркы мезгилде, тагыраак айтканда студенттердин окууга кызыгуусу жоголуп, билим алуу абдан төмөн түшүп кеткен мезгилде кураторго да кыйынчылык туулду. Студенттердин окуу эмгегине байкоо жүргүзүү максатында куратор мезгил-мезгили менен группанын журналын карап турат. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча куратор студенттер менен аңгемелешет, окуудагы жараткан ийгиликтерине кубанып, колдоо көрсөтөт, зарылчылык пайда болсо кемчиликтерин көрсөтүп, аны чечүүнүн жолдорун табууга жана окуунун сапатын жогорулатууга жардам берет [4].

Сабактарга өз ара катышуу учурунда куратор группадагы студенттердин сабакка катышуусуна гана көңүл бурбастан, алардын сабакта жооп бергендерин, активдүүлүгүн, иш-аракетерин байкап отурат.

Группанын чогулуштарында студенттердин окууга мамилеси тууралуу талкуу жүрөт. Жетишүүсү начар студенттердин тагдырын куратор эле эмес группанын активдүү студенттери дагы ойлонуп, биргелешип иш алып барышат. Аларды түрдүү жолдор менен оң жолго коюу жолдорун издешет. Окууга кызыгуунун төмөндөшүнө биздин группанын мисалында төмөндөгү факторлор себепчи болууда: 1-ден, студенттердин айрымдары сабактан кийин акча табуу үчүн иштешет, чарчап калгандыктан сабакка же келбейт, келсе да көңүл бурбайт. Бул жеке эле студенттин же куратордун көйгөйү эмес жалпы коомчулуктун көйгөйү. 2-ден жалкоолуктан, 3-дөн телефонго алаксыгандан, 4-дөн убактысын туура бөлүштүрө албагандыктан ж.б. Ушул көйгөйлөрдү чечүүдө куратор өз укугунан пайдалана алат.

*Куратордун уктары:*

1. Өзүнүн кураторлук группасына кайсы дисциплина болбосун, кандай сабак болбосун катышууга;
2. Стипендия жана социалдык жөлөк пул бөлүп берүүгө, материалдык жардам көрсөтүүгө, жатаканадан орун берүүгө, студенттерди сыйлоого же жазалоого, педагогикалык практикага бөлүштүрүүгө, жумушка орноштуруу жөнүндөгү маселени чечүүгө катышууга;
3. Кураторлук группага сабак берген окутуучулардан маалымат же жардам сураганга, группанын окуу процессин камсыз кылуучу кафедра башчысына кайрылууга;
4. Группа менен окуу-тарбиялык иштердин абалы жөнүндө маселелерди кафедранын отурумдарына жана институттун окумуштуулар кеңешине коюуга.

*Куратордун болжолдуу иш планынын схемасы* [3]

Куратор өзүнүн ишин институттун директору бир окуу жылына бекиткен иш планга ылайык жүргүзөт. Куратордун иш планы так, конкреттүү, педагогдун инсандык сапаттарын калыптандырууга багытталган суроолорду камтыган болушу керек.

| **Иштин негизги багыттары жана милдеттери** | **Негизги иш-чаралар** |
| --- | --- |

| | |
|---|---|
| 1. Студенттин инсандык сапаттарын изилдөө жана студенттик коллективдин калыптанышында группага жардам берүү | - Студенттик коллективде улуттар аралык мамилелерде студенттин абалын изилдөө;<br>- Студенттик группанын структурасын изилдөө;<br>- Студенттин жылдык, андан кийин бүтүрүүчү кесиптик-педагогикалык мүнөздөмөсүн түзүү;<br>- Студенттердин кызыгуусун изилдөө; |
| 2. Болочок мугалимдин нравалык сапаттарын тарбиялоо | - Уюштуруу жана катышуу:<br>а) устат-педагогдор менен кездешүү;<br>б) конкурс жана диспуттарды;<br>в) этикалык аңгемелерди. |
| 3. Окуу иштеринин графигин аткарууда студенттерге жардам көрсөтүү | - Өндүрүштүк отурумдарга катышуу (тематикалык жана жыйынтыктоочу);<br>- Студенттерди аттестациялоого катышуу;<br>- Студенттерге тапшырма жасоого жардам берүү,<br>- Деканатка студенттердин катышуусун көзөмөлдөөгө жардам берүү. |
| 4. Студенттерге турмуштук, үй-бүлөлүк, эс алуу маселелерин чечүүдө жардам көрсөтүү | - Стипендиялык комиссиянын ишине катышуу;<br>- Жатаканага жайгаштырууда катышуу;<br>- Студенттердин укуктары жана милдеттери жөнүндө аңгеме уюштуруу;<br>- Жатаканага баруу жана студенттер менен сүйлөшүү;<br>- Студенттердин жеке карточкаларын изилдөө;<br>- Конкурстарды, диспуттарды, тематикалык сүйлөшүүлөрдү өткөрүү үчүн методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу ж.б. |
| 5. Методикалык иштер | |

*Куратордун болжолдуу отчету*

1. Студенттердин жогорку (4;5), орто (3;4) жана төмөнкү жетишүүсү тууралуу сандык составын көрсөтүү.
2. Начар окуган студенттердин жашаган дарегин, сабакка келүүсүн, калтырган себептерин, бош убактысын кантип өткөрөөрүн (уктап, иштеп же сейилдеп ж.б.). иликтөө.
3. Студент жөнүндө жатакананын комендантынын пикирин чагылдыруу.
4. Жатаканадагы студенттер менен иштөө көйгөйлөрү. Алардын социалдык турмуштук кыйынчылыктарын талдоо.
5. Студенттер менен жекече жана группалык иштер боюнча сунуштар.

## Адабияттар:

1. Акутина, С.П. Профессионально-ценностное воспитание студентов в условиях современного российского образования. /С.П. Акутина // Актуальные проблемы становления личности в современном мире: психолого-педагогические аспекты профессионального воспитания: материалы Международной научно-практической конференции 19-20 февраля 2009 г.- г. Магнитогорск: МаГУ, 2009. – С. 241. – С.32-36.

2. Бабинцев В.П. и др. Проблемы организации кураторской работы в вузе // Высшее образование в России. – 2010. - №6. – С. 123-127.

3. Куприева И.А. К вопросу о необходимости воспитательной работы в вузе // Современный куратор: наставник или партнер? (Из опыта кураторов студенческих групп): Науч.-метод. пособие / Под ред. Е.В. Тонкова, Л.Д. Рагозиной. Белгород: Изд-во БелГУ, 2007.

4. Кураторская деятельность преподавателя вуза: день за днем / Под. ред. Н.И. Тихоненкова. – Волгоград: Изд-во «Перемена», 2004. [Электронный ресурс]: http://www.vspu.ru/

5. Муратов А.Ж., Советбекова Н.С. Кыргыз элинин адептик салттарын тарбия процессинде пайдалануу // Вестник КГУ имени И. Арабаева. - 2024. - №1. – С. 94-101. https://jarchy.arabaev.kg/admin-admin/fotogalere/1714449331_8443884c6485fd7b1d80d281fb3fa6da.pdf

6. Сластенин, В.А. Методика воспитательной работы. /Под ред. В.А. Сластенина. – М., 2002. – С. 143.

**Рецензент: биология илимдеринин кандидаты Ганыбаева М.Р.**